# Ким азанчынын үнүн укканда: "Ашхаду ан лаа илааха иллаллаауху вахдаху лаа шарика лах, ва анна Мухаммаддан абдуху ва расуулух, розийту биллаахи роббан, ва бил ислаами диинан" деп айтса, анын күнөөлөрү кечирилет

Саъд бин Абу Ваккастын (ага Аллах ыраазы болсун) риваятында Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) минтип айткан: "Ким азанчынын үнүн укканда: "Ашхаду ан лаа илааха иллаллаауху вахдаху лаа шарика лах, ва анна Мухаммаддан абдуху ва расуулух, розийту биллаахи роббан, ва бил ислаами диинан" деп айтса, анын күнөөлөрү кечирилет".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) азанчынын үнүн уккан адам төмөнкү сөздөрдү айтса күнөөсү кечирилерин айткан: "Ашхаду ан лаа илааха иллаллаауху вахдаху лаа шарика лах" Күбөлүк берем, тастыктаймын, моюнга алам Аллахтан башка ибадатка татыктуу кудай жок, андан башка сыйынылган нерсенин баары батыл, жалган. "Ва анна Мухаммаддан абдуху ва расуулух" Мухаммад Аллахтын кулу жана элчиси, ага ибадат кылынбайт. Ал жалган айтпаган элчи. "Розийту биллахи роббан" Аллахтын рубубиятына, улухиятына, ысым-сыпаттарына баарына ыраазымын. "Ва би Мухаммадин расуулан" Ал алып келген диндин баарына жана бизге жеткиргенине ыраазымын. "Ва бил Ислам" Исламдын бардык буйруктарына жана өкүмдөрүнө, "Диинан" дин болгонуна ишенүү жана баш ийүү менен ыраазымын. (ушинтип айтса) анын кичине күнөөлөрү кечирилет.



النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY
لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC E-Da'wah Committee